КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН ТАЛАС ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ ТАЛАССКИЙ
ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

Shaar.kenesh@gmail.com
Shaar.kenesh@gmail.com

# Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин VIII чакырылыштагы кезексиз XXVII сессиясынын №195 /27-8 ТОКТОМУ

**1-сентябрь, 2023-жыл** **Талас шаары**

**"Талас шаарынын Ардактуу атуулу" наамын ыйгаруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүмүнүн 1-пункту, Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин 2019-жылдын 23-декабрындагы №234/35-7 токтому менен бекитилген "Талас шаарынын Ардактуу атуулу" наамын ыйгаруу боюнча жобосу, Талас шаарынын мэриясынын 07.06.2023-жылдагы №01-19/1390, 17.08.2023-жылдагы №01-19/2155, 23.08.2023-жылдагы №01-19/2213, 23.08.2023-жылдагы №01-19/2212, жана 23.08.2023-жылдагы №01-19/2209 сандуу каттарынын негизинде, Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин "Регламент, депутаттык этика, мыйзамдуулук укук тартиби, жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери, көчөлөрдүн жана башка социалдык маданий обьектилердин аттарын өзгөртүп кайрадан атоо боюнча" туруктуу комиссиясынын протоколдук сунушун карап, талкуулап чыгып, Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин сессиясы

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Талас облустук үй-бүлөлүк медицина борборунун директорунун дарылоо иштери боюнча орун басары Карагулова Кыял Эсеновнага, Талас шаардык күрөш боюнча өспүрүм балдардын спорттук мектебинин грек-рим күрөшү боюнча машыктыруучусу Шаршекеев Уразбек Рыспековичке жана эмгек ардагери Берембаева Мира Асанбековнага "Талас шаарынын Ардактуу атуулу" наамы ыйгарылсын.
2. Кабыл алынган токтомду Талас шаарынын мэриясынын сайтына жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актыларын мамлекеттик реестринен каттоодон өткөрүүнү көзөмөлдөө жагы Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин жооптуу катчысына ( А.Сариева) тапшырылсын.
3. Токтомдун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу жагы Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин "Регламент, депутаттык этика, мыйзамдуулук укук тартиби, жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери, көчөлөрдүн жана башка социалдык маданий обьектилердин аттарын өзгөртүп кайрадан атоо боюнча" туруктуу комиссиясынын төрайымына (К.Карагулова) тапшырылсын.

**Төрага** **К.Джаныбеков**